MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2022 Cilt: 11 Sayı: 4
MANAS Journal of Social Studies 2022 Volume: 11 No: 4
ISSN: 1694-7215
Research Paper / Araştırma Makalesi

# Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн Башаты Жана Негизги Өнүгүү Этаптары

Муртабек КОЖОБЕКОВ[1]

**Öz**

Кыргыздардын мамлекеттүүлүк маселеси кыргызтаануу илиминдеги айрыкча татаал да, олууттуу да проблемалардын катарына кирет. Алар качан мамлекет куруп, өз алдынча саясат жүргүзүп, эл аралык мамилелердин субъектисине айлангандыгы тууралуу бир жактуу көз караш жок. Мындан улам айрым окумуштуулар кыргыз мамлекетинин түптөлүш маселесин алардын Енисей аймагында курулган саясий биримдигин белгилешсе, кээ бир илим адамдары Улуу державалык убакка басым жасап келишет. Макалада кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн генезиси жана өнүгүү этаптары талданат.

*Ачкыч сөздөр:* Кыргыздар, кыргыз мамлекети, Кыргыз каганаты, мамлекеттүүлүк, Енисей, жазма булактар, кытай авторлору.

## The Beginning and Key Stages of Kyrgyz Statehood

**Abstract**

One of the acutely disputable problems in Kyrgyz studies is the origins of the formation and development of the statehood of the ancient Kyrgyz. In historical science, there is no unambiguous assessment of the beginning of this institution functioning. While some historians associate this phenomenon with the Yenisei stage, other specialists focus on the Great Power period in the history of the Kyrgyz. The article analyzes the genesis of the Kyrgyz statehood and the stages of its development.

*Key Words:* Kyrgyz, Kyrgyz state, Kyrgyz Kaganate, statehood, Yenisei, written sources, Chinese authors

**Atıf İçin / Please Cite As:**

Кожобеков, М. (2022). Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаты жана негизги өнүгүү этаптары. *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi, 11*(4), 1698-1704.

**Geliş Tarihi / Received Date:** 29.11.2021 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 01.04.2022

[1] Doç. Dr. - Кыргыз-Түрк Манас университети, Гуманитардык факультет, Тарых бөлүмү, muratbek.kojobekov@manas.edu.kg

ORCID ID: 0000-0002-3266-4376

## Киришүү

Кийинки мезгилде, айрыкча эгемендик шарапатына байланыштуу мамлекеттүүлүк маселесине өзгөчө көңүл бурулуп, кыргыздардын саясий уюмдашуусуна арналган изилдөөлөр жасалганы байкалат. Анткен менен кыргыз калкы курган мамлекеттик биримдик жана анын негизги өнүгүү этаптарын аныкталыш маселесине чекит коюлду дегенге али эрте экендигин белгилей кетиш абзел.

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Биринчи жана башталгыч этабы** – Маодунь шаньюйдун мезгили менен байланышкан. Кытай булактарына караганда, Маодунь шаньюй б.з.ч. 203-202-жж. түндүк тарапта жашаган "Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь жана Цайлилердин ээликтерин жеңип; ошондуктан аксакалдар менен атка минээрлер Маодунь шаньюйга баш ийишип, анын акылмандыгын таанышкан" (Бичурин, 1950: 50). Кыргыздардын адегенде ээлеген аймагы туурасында кытай жазма булактары так маалымат бербегени менен алардын аталган этностор менен бирге хуннулардын түндүгүндө орун алгандыгы белгиленет. Ошондой кытай булактары хуннулардын мамлекети менен кошо, ал калктарындын саясий түзүлүшүн *го* термини аркылуу аныкташкан.

Кытай авторлору колдонгон *го* термини туурасында синология илиминде арбын иликтөөлөр жасалган. Кытай мамлекетинде аталган термин эволюциялык маани алган жана тарыхый доордун өнүгүү баскычына жараша ар кандай түшүнүк ташыган. Синолог адистердин иликтөөлөрүнө караганда, Чун-цю мезгилинде бул термин Теңир уулунун ээлигин белгилөө максатында колдонулган. Кытай авторлору кийин бул термин менен монгол тилдүү калктардын саясий биримдиктерин атай башташкан (Таскин, 1968, 27-28). А. Г. Малявкин *го* термини Хань династиясынын убагында бир канча мааниде колдонулгандыгын аныктаган. Мисалы, вассалдык княздыктардын башчылары – «ванго», ал эми майда княздыктардын жетекчилери – «хоуго» түрүндө белгиленген (Малявкин, 1992, 9). Кытай өлкөсү «ванго» термини менен мамлекеттин ичиндеги жергиликтүү администрация бирдиги менен чет элдик мамлекеттердин бийлик түзүлүшүн бирдей атаган. Биринчи жагдай боюнча, «ванго» чини мамлекеттин ичиндеги өз алдынча ээликтерге берилген. Мындай титулга башкаруучу династия менен туугандык мамиледе турган жогорку ак сөөктөр ээ болушкан жана алар борбордук бийликке дээрлик баш ийишкен эмес. Мында «ван» князь дегенди түшүндүрсө, «го» ээлик дегенди туюнтат. Экинчи жагдайда келтирилген «хоуго» термини, майда ээлик же чабал княздык деген түшүнүккө дал келет (Малявкин, 1989, 5). «Хоу» термини «ван» титулунан төмөн турган жана ал жергиликтүү майда ээлик жетекчилерине ыйгарылган. Кытай өлкөсү чет элдик калктардын саясий түзүлүшүн мамлекет түрүндө кабыл алышып, аларды «го» термини менен белгилешкен. Мындай каттоого империянын түндүгүндө жашаган этностор эле эмес, ал түгүл Рим империясы да кирген (Малявкин, 1989, 5). Кытай мамлекетинин хуннулар менен баштапкы мамиле куруу мезгилинде, айрыкча акыркылардын кубаты арткан убакта, Ортоңку мамлекет алар менен алаканы «ди-го» формасында курууга мажбур болушкан. «Ди-го» термини «стаусу боюнча бирдей державалардын мамилеси» дегенди туюнткан.

Мисалы, кытай саясатчылары император Тай-цзундун түрктөргө каршы согуш ачуу аракетин мындайча түшүндүргөн: "Башында император түрктөр менен мамиле курганда "ди-го" салтын колдонгон. Азыр болсо каарданып, "Мурда мен биздин чек аралардын бейпилдигин карап, ал шүмшүктөргө март элем. Эми алар келишимди бузушту, ошондуктан мен аларды жок кылам", деген (Бичурин, 1950, 251).

Анткен менен ди-го термини кытай дипломатиясында Тан династиясына чейин эле Хань мезгилинде пайда болгон. Хань династиясы менен хуннулардын келишими кытай саясатчылары тарабынан "биздин эки мамлекетибиздин элдери бир үй бүлөнүн балдарындай болушту" ошондой эле хань менен сюннулар "коңшулаш ди-го" деп таанылган. Мындан улам Н.Я. Бичурин "ди го" терминин "тең ата мамлекеттер" деп которгон (Бичурин, 1950, 60). В. С. Таскин ал сөздү "кубаттулугу жагынан бирдей мамлекеттер" деп түшүндүргөн (Таскин, 1968, 48).

Башкача айтканда, Кытай өлкөсү түндүк жана батыш тарапта жашаган калктардын мамлекеттик түзүлүшүн *го* термини аркылуу белгилешкен. Бул убакта кыргыздар Чыгыш Түркстан аймагында орун алышып, алар прототюрк этногенезине тартылышканы байкалат.

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Экинчи этабы** – Енисей аймагындагы саясий процесске байланышкан. Кыргыздардын этносаясий тарыхына байланышкан маалымат түрмөгү жана саясий өнүгүү багыты Түштүк Сибирь жергеси менен туташат. Кыргыз калкынын прототюрк этногенезине тартылышы жана 460-жылкы жуань-жуандардын кысымы аркылуу Афу жана Кем дарыяларынын аралыгын ээлеши кытай булагына алынган түрк уламышында сакталып калган.

«Чжоу шу», «Бэй ши» жана «Суй шу» кытай жазма булактарында түрк уруусунун ата-бабалары Со ээлигинен чыгышкандыгы туурасында уламыштык маалымат кабарланат (Liu Mau-tsai, 1958, 489; Oğel, 1957, 99). Ал маалыматта Апанбу аттуу аттуу уруу башчынын он жети бир тууганы болуп, алардын бири Ичжинишиду “карышкырдын уулу” аталып, анын бир канча балдары бар экендиги айтылат. Со ээлиги талкалангандан кийин, Ичжинишидунун сыйкырдуу күчүнөн улам, анын уруусу башкаларга салыштырмалуу ыңгайлуу абалда калган. Анын улуу уулу Нодулу-шад Цзянсы Чжучжешиден орун алган. Апанбу өз уруусу менен Нодулу-шадга кошулат. Ичжинишидунун бир уулу “ак куугa айланат”. Кигу (Кыргыз-М.К.) аттуу дагы бир баласы Абакан жана Енисей дарыяларынын аралыгына жайгашат. Төртүнчү уулу болсо,Чжучжеши дарыясынын боюнан орун алган.

Демек, Цигулардын Афу жана Кем дарыяларынын аралыгына жайгаштырган жазма булак маалыматы, кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которгон процессин чагылдырган. Кытай жазма булагындагы айрым окуяларды үстүртөн баяндоо «ыкмасынын» көмүскө калган тарабында, прототюрк этногенези Чыгыш Түркстан аймагында жүрүп, ал процесске азыркы Манас шаарынын айланасында жашаган кыргыздар да тартылгандыгы тууралындагы маалымат камтылган деп тыянак чыгарсак болот. Мындай пикирдин жаралышына, кыргыздардын адегенде, Енисей менен Абакан дарыяларынын аралыгындагы Минусин өрөөнүнүн ортоңку аймагынан орун алган фактысы түрткү берет.

Жыйынтыктап айтканда, алар Чыгыш Түркстандан V кылымдын орто ченинде Түштүк Сибирь аймагына жер которуп, Минусин өрөөнүнүн сол жээгинене орун алышкан. Кыргыз калкынын этникалык тарыхындагы ээлеген аймагынын өзгөрүшү кытай жазма булактарында «Цигулар Афу жана Кем дарыяларынын аралыгынан орун алышкан» деген маалымат менен белгиленген жана аталган маалымат Кыргыз мамлекттүүлүгүнүн жаңы этнотерриториядагы башталыш этабы катары каралышы керек.

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Үчүнчү этабы** – Түштүк Сибирь аймагындагы өз алдынча Кыргыз мамлекетинин калыптаныш убагына туура келет. Жазма булак маалыматтарынын баяндоо нугу көрсөткөндөй, Түрк каганатын негиздөөчүсү Бумын 552-ж. кайтыш боуп, анын кара ашына Кореядан Когурё, табгач, тибеттиктер, аварлар сыяктуу кубаттуу мамлекет өкүлдөрү менен бирге кыргыздардын элчиси келгендиги кабарланат. (Малов, 1951: 36). Кыргыз элчилигинин Азиядагы кубаттуу мамлекетер менен бирдикте түрк каганынын кара ашына келгендигине караганда, алар 552-жылга чейин эле Түштүк Сибирь чөлкөмүндө өз алдынча саясий биримдиги бар түзүлүш экендигин баамдасак болот. Кыргыздардын олуттуу саясий күчкө айлангандыгын Түрк каганатынын үчүнчү каганы Мухандын 556-557-жж. Саян тоосунун түндүк тарабына жасаган жортуулу далил боло алат. Кытайдын «Бэйши» жана «Суйшу» жазма булактарында эскерилген бул жортуул тууралындагы маалыматтан биз, Мухан кагандын кыргыздарга жасаган чапкыны толук үстөмдүк орнотууга жетишпегендигин билебиз.

Кытай булагында империялык элчиликтин кыргыздарга жөнөтүлгөнү кабарланат. «Чжэньгуань доорунун алтынчы жылында 632-ж. Тайцзун яньшивэй Ван И-хунду кыргыздарга элчиликке жиберген» (Кюнер, 1961, 56; Байтур, 1984, 315). Эки элчиликтин бир мезгилге туш келиши бекер жерден чыккан эмес. Кытай мамлекети башынан эле Орто Азиядагы марионеттик маанайдагы Ашина Мишэлер жакын мамиледе болушкан. Экинчи элчилик географиялык жактан Кытайдын саясий таасиринен оолак орун алган кыргыздарга жөнөтүлүшү, Тан династиясынын көчмөн талаадагы окуяларга чечкиндүү кийлигишүүгө жасаган аракетин көрсөтөт. Ашина Мишэлер менен кыргыздарды геосаясий алакага аралаштыруу аркылуу, Тан династиясы көчмөн талаада активдеше баштаган уйгур, сеяньтолорду толук курчоого алган. Кытай мамлекетинин кыргыздар менен дипломатиялык мамиле курушунун өзү буга чейин күчү көмүскө жаткан калктын Борбордук Азиядагы мамилелерге тартылгандыгын далилдейт.

Кыргыз мамлекети бул убакта үч канаттан куралышы толук мүмкүн. Борбордук Азиядагы түрк – монгол калктарынын саясий салтында үч канаттык система мүнөздүү көрүнүш (Таскин, 1968, 1973; Кычанов, 1997).

«Тай-пин хуаньюй цзи» булагында эскерилген «улуу башкаруучу» Хэси-бэй борборунда, калган кичи мансаптагылар болсо сол жана оң канаты башкарышы толук ыктымал. Арийне, жазма булактык маалыматтын тартыштыгы Кыргыз мамлекетинин саясий системасын толук калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Анткен менен Цисиби, Цзюйшабоби жана Амиби аталган үч башкаруучу Кыргыз мамлекетинин адегендеги түптөөчүлөрү болушкан деп айта алабыз. Үчилтик саясий система аркылуу Кыргыз мамлекети кийин эльтеберлик башкарууга көтөрүлгөн. Ал Шибоцюй Ачжандын 648-жылы Кытай мамлекетине барганда эльтебердик титул алып жүргөндүгү менен жыйынтыкталат.

Борбордук Азиядагы түрк тилдүү калктардын мамлекеттик түзүлүшү eltäbärlig bodun – эльтеберлүү калк» жана qaγanlïg bodun – «каганы бар калк» (Мелиоранский, 1898, 1899; ДТС, 1969). Кытайча сылифа түрүндө жазылган термин байыркы түрк тилдүү калктардын эльтебер титулуна тура келет (Kozhobekov, 2018, 29). В. В. Бартольд «эльтебер» «каган» титулунан төмөн туруп, ал майда жана саясий өз алдынчалыгы жок элдердин жетекчилерине ыйгарылаарын белгилеген (Бартольд, 1963, 481-482).

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Төртүнчү этабы** – Барс бектин кагандык титулга жетиши жана өлкөнүн каганаттык өнүгүү деңгээлине көтөрүлүшү менен байланышкан. Кыргыз башкаруучусунун кайсыл мезгилде «каган» титулун алгандыгы туурасында так маалымат жок. Енисейдеги кыргыз жазууларында да «каган» титулу кездешбейт. Ал эми араб, перс булактарында катталган хирхиз хаканы жөнүндөгү маалымат кыйла кеч мезгилди чагылдырат. Күл тегиндин эстелигинде – «Барс баг арти, каган ат бунта биз биртимиз – Барс бек болгон; ал убакта (ага) каган титулун ыйгардык» (Малов, 1951: 30) деген маалымат 710-жылга чейинки окуяны чагылдырат.

Чакан маалыматтык топтомго караганда, түрк тилдүү калктардын мамлекеттик түзүлүшүндөгү жогорку бийлик саналган «каган» титулунун Кыргыз өлкөсүндө колдонууга алынышы, кыязы VII к. 50-жылдарынан башталса керек. Кыргыз коомунун биригип күч алышы VII к. туш келет. Ал эми,бул жүз жылдыктын 80-жж. алар, Борбордук Азияга өз үстөмдүгүн орнотууга аракет жасаган түрктөрдүн атаандаштары болуп калышкан (Крюков, Малявин, Софронов, 1984: 72). Аталган илимпоздордун мындай так байкоосу кыргызтаануу менен алектенген башка адистердин эмгектеринде азырынча байкала элек. Биз дагы, 679-ж. тарта кайра жандана баштаган Экинчи Чыгыш түрк каганатына чейин эле, Кыргыз каганаттыгы калыптанып, Борбордук Азиядагы кубаттуу саясий этникалык топко айланган деген пикирге кошулабыз. Белгисиз мезгилди чагылдырган кытай жазма булагындагы кыргыздар «кубаттуу мамлекет болушкан, жеринин көлүмү тукюелердикине (түрктөргө - М. К.) тең келет» (Бичурин, 1950: 354) деген маалымат ушул мезгилди чагылдырышы да мүмкүн. Жазма маалыматтын кийинки уландысында кыргыз жергесинин чыгышы – Гулиганга (курыкан – М. К.), түштүгү – Тибетке чейин, түштүк – батышы Гелолуга (карлуктарга - М. К.) чейин таркагандыгы кабарланат.

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Бешинчи этабы** – Кыргыздардын Улуу державалык мезгилине дал келет.

Тарых илимине «Кыргыз Улуу державасы» деген түшүнүктү академик В. В. Бартольд киргизген. В. В. Бартольд эмне себептен Кыргыз мамлекети «Улуу держава» атала тургандыгын аныктаган эмес. Анткен менен кыргыз тарыхына арналган биринчи илимий изилдөөдө, тарыхый терминге каймана маанисинде түшүнүк берилет. Академиктин пикирине ылайык, уйгурлар жеңилгенден кийин Монголиядагы үстөмдүк кыргыздардын колуна өткөн. Ийгилик натыйжасында, алардын мамлекети Орто Азиянын чыгыш тарабындагы алдыга озгон көчмөн державага айланган (Бартольд, 1963, 489).

Ю. С. Худяковдун пикирине ылайык, «кыргыз тарыхында бул көрүнүш В. В. Бартольд акыйкат белгилегендей «кыргыздардын Улуу державалык» мезгили болгон. Кыргыздар үчүн узак убакытка созулган уйгурлар менен таймаштагы кыргыз куралынын укмуштуудай жеңиши менен алардын Борбордук Азия талаасынын кеңири аймагын каратып алган жылдыздуу доору эсептелинет. Ушул

мезгилге жараша кыргыздар өздөрү туурасында орто кылымда жашаган ар түркүн калктардан турган замандаштарына элес калтырып, алардын тарыхый эрдиктери кийинки тарыхчыларды дайыма кызыктырып келет (Худяков, 1996, 59).

Белгилүү археолог Д. Г. Савинов «Кыргыз Улуу державасы» туурасындагы аныктама Ю. С. Худяков тарабынан айрыкча даана берилгенин белгилеген. Ал көз карашка кошумча ирээтинде, окумуштуу жазма булак маалыматтары енисейлик кыргыздардын IX-X кк. аралыгында кеңири мейкиндикке жайылгандыгын тастыктайт (Савинов, 1984, 97) деген бүтүм чыгарган.

Кытай булактарында «уйгурлар алсырай баштаганда эле, Ажо өзүн хан, теги түргөш жесир-энесин ханыша, карлук элинин кызы болгон өз аялын ханыша деп жарыялаган» (Бичурин, 1950, 355). Бул саясий акт уйгур ханына жаккан эмес, ошондуктан ал аскер курап кол башчысын кыргыздарга каршы аттандырган. Уйгур жортуулу көздөгөн максатына жеткен эмес жана чапкындын бул жолку ийгиликсиз аякташы, саясий күчтөрдүн өзгөргөнүнүн айгинелейт. Кытай булактарында кыргыз ханы жыйырма жыл бою уйгурларга каршы согуш жүргүзгөндүгү белгиленет.

Кытай жазма булагында айтылган жыйырма жылдык согуштун соңу 840-ж. менен жыйынтыкталат. Демек, Уйгур каганатынын Минусин өрөөнүнө жасаган соңку жортуулу 820-жылга туш келген. Кыргыз каганаты бул согушка жетик камылга көргөндүгүн, анын тышкы саясий активдүүлүгүнөн да байкалат. Кыргыз өкүмдары түргөш каганы менен династиялык кудалашуу байланышын куруп, болочок Ажо болчу уулун карлук башкаруучусунун кызына үйлөндүргөн. Кыргыздар менен мамилелеш этностордун экөө бирдей уйгурларга касташкан жоо экендигин эске алсак, мындан биз Көгмен ээлигинин саясий жана дипломатиялык ийгилигине күбө боло алабыз.

## Жыйынтык жана сунуштар

Мындан тышкаары, Кыргыз каганаты Батыш багытындагы өлкөлөр менен мамилелеш болгон. Кыргыздардын саясий жана соода өнөктөштөрү эсептелген Даши, Тибет, карлук жана түргөштөр уйгурлардын келишкиз жоолору экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Кыргыз каганатынын ийгилиги арткан сайын уйгурлар тескерисинче алсырай берген.

Улуу державалык мезгил кыска убакытка уланганы менен ал кыргыздардын саясий бийлигин Борбордук Азиянын кеңири мейкиндигине жайылткан. Анын негизги түшүнүгү катары, кыргыз куралы менен кыргыз маданиятынын доминациялык абалга көтөрүлүшү эсептелинет. Маданият үлгүлөрүнүн таралыш ареалына жараша локалдык этникалык территориялар пайда болгондугун белгилей кетмекчибиз. Улуу Державалык абалга жеткен кыргыздар Борбордук Азиянын кеңири мейкиндегине маданий дөөлөтүн таратышы, мамлекетинин олуттуу ийгилигине эле эмес, тескерисинче, ал кыргыз биримдигине, мамлекеттин бүтүндүгүнө терс таасир тийгизген. Натыйжасында, кыргыз этносу эки бөлөк жерге жайгашып, мамлекеттин саясий жана аскердик күчү бөлүнүп, тышкы дүйнөгө, каршылашкан душмандарга чогуу чыгып күрөшүү дарамети жоголгон.

## Ethical Declaration

In the writing process of the study *"The Beginning and Key Stages of Kyrgyz Statehood"*, the scientific, ethical and the citation rules were followed ; there was not made any falsification on the collected data and this study was not sent to any other academic media for evaluation. Since the document is examined in this study, there is no requirement for an ethics committee decision.

## References (Адабияттар)

Baytur Anwar. (1984). Kyrgyz elinin mekendin birimdigine koshkon salymy//*Zhonggtio minzu guanxi shi yanju. (Translated from the kit. G. P. Suprunenko).*- Beijing. [Байтур Анвар. (1984). *Кыргыз элинин мекендин биримдигине кошкон салымы*//Чжунго миньцзу гуаньси ши яньцзю. (Пер. с кит. Г. П. Супруненко).- Пекин].

Bartold V. V. (1963). *The Kyrgyz: A historical essay.* / Soch. - M.: Nauka. - Vol.2. Part 2. [Бартольд В. В. (1963). *Киргизы: Исторический очерк.* / Соч. - М.: Наука. - Т.2. Ч. 1.]

Bichurin N. Ya. (1950). *Collection of information about the peoples who lived in Central Asia in ancient times.* Vol. 1. - M.; L.: Publishing House of the USSR Academy of Sciences. [Бичурин Н.Я. (1950). *Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.* Т. 1. - М.; Л.: Изд-во АН СССР.]

*Drevnetyurkskij slovar'* (1969). – L.: Nauka. [*Древнетюркский словарь* (1969). – Л.: Наука.].

Kozhobekov M. Ch. (2018). *State Apparatus in the Kirghiz Khaganate*, Istoricheskaya i sotsialno-obrazovatelnaya mysl. – T. 10. - № 2. – Ch. 2, 2018. – P. 28 -33.

Kuner N.V. (1961). *Chinese News about the peoples of Southern Siberia, Central Asia and the Far East.* - M.: Publishing House of Oriental Literature. [Кюнер Н.В. (1961). *Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока.* – М.: Изд-во Восточной литературы].
Kychanov E.I. (1991). *The management apparatus of the Yenisei Kyrgyz (according to Chinese information)* //Sources on the medieval history of Kyrgyzstan and adjacent regions of Central and Central Asia. - Bishkek. [Кычанов Е.И. (1991). *Аппарат управления у енисейских кыргызов (по китайским сведениям)* //Источники по средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии. – Бишкек.]
Malov S.E. (1951). *Monuments of ancient Turkic writing. Texts and studies.* - M.; L.: Publishing House of the USSR Academy of Sciences. [Малов С.Е. (1951). *Памятники древнетюркской письменности. Тексты и исследования.* – М.; Л.: Изд. АН СССР.]
Malyavkin A.G. (1983). *Uighur states in the IX-XII centuries* - Novosibirsk: Nauka. [Малявкин А.Г. (1983). *Уйгурские государства в IX-XII вв.* – Новосибирск: Наука.]
*Materials on the history of Xiongnu (according to Chinese sources.* - Preface, trans. and note by V.S.Taskin. Vol. I-II. - M., 1968. -Vol. I; M., 1973. - Issue II. [*Материалы по истории сюнну (по китайским источникам).* - Предисловие, пер. и примеч. В.С.Таскина. Вып. I-II. – М., 1968. -Вып. I; М., 1973. - Вып. II.]
Melioranskij P. M. (1989). *Ob orhonskih i enisejskih nadgrobnyh pamyatnikah s nadpisyami*// ZHMNP, 1898, ch. CCCXVII. [Мелиоранский *П.* (1989). *М. Об орхонских* и *енисейских надгробных памятниках* с *надписями*// ЖМНП, 1898, ч. CCCXVII.]
Savinov D.G. (1984). *The peoples of Southern Siberia in the ancient Turkic era.* - L.: Publishing House of LSU. [Савинов Д.Г. (1984). *Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху.* – Л.: Изд-во ЛГУ.]
Khudyakov Yu.S. (1986). *Kyrgyz people on the Yenisei:Study guide.* - Novosibirsk: Novosibirsk State University. [Худяков Ю.С. (1986). *Кыргызы на Енисее*:Учебное пособие. – Новосибирск: Новосиб. гос. ун-т.]
Khudyakov Yu.S. (1995). *Kyrgyz in the expanses of Asia.* - B.: Soros Foundation Kyrgyzstan. [Худяков Ю.С. (1995). *Кыргызы на просторах Азии.* – Б.: Фонд Сороса Кыргызстан].
Liu Mau-tsai. (1958). *Die chinesischen Nachrichten sur Geslichte Ost-Turken (T'u-kue)*: In 2 vol. - Wiesbaden, 1958.
Oğel B. (1957). *Doğu Göktürkleri Hakkinda vesikalar ve notlar.* Ankara, 1957.Belleten. C. XXI, № 81.

## EXTENDED ABSTRACT

In recent years, special attention has been paid to the issue of statehood, especially in connection with the virtues of independence, and research on the political organization of the Kyrgyz. However, it should be noted that it is too early to say that the issue of state unity founded by the Kyrgyz people and the definition of its main stages of development has come to an end.

The political process in the Yenisei region is related with the information about the ethno-political history of the Kyrgyz people and the direction of political development, which are connected with the territory of Southern Siberia. The involvement of the Kyrgyz people in the Proto-Turkic ethnogenesis and the occupation of the area between the Afu and Kem rivers under the pressure of the Juan-Juan in 460 are preserved in the legend of the Turks in Chinese sources. In other words, they migrated from East Turkestan to South Siberia in the middle of the 5th century and settled on the left bank of the Minusinsk valley.

The change in the territory occupied by the Kyrgyz people in the ethnic history is marked in Chinese written sources as "between the rivers of Afu and Kem" and should be considered as the beginning of the new ethno-territory of the Kyrgyz statehood.

The concept of "Kyrgyz Great Power" in historical science was introduced by the academician V. V. Barthold. Barthold did not specify why the Kyrgyz state would be called the "Great Power." However, in the first scientific study of Kyrgyz history, the historical term has gained a figurative meaning. According to the academician, after the defeat of the Uighurs, domination in Mongolia passed into the hands of the Kyrgyz. As a result, their state became the leading nomadic power in eastern Central Asia.

According to Yu. C. Khudyakov, "in the history of Kyrgyzstan, as V. Barthold rightly points out, there was a period of 'Kyrgyz great power.' It was the finest hour of Kyrgyz history, the time of amazing successes of Kyrgyz weapons in the long war with the Uighurs, the era when the Kyrgyz were able to subjugate the vast expanses of Central Asia (Khudyakov, 1996, p. 59).

In Chinese sources, "as soon as the Uighurs began to weaken, Ajo declared himself a khan, his widowed mother a queen, and his wife, the daughter of the Qarluq people, queens" (Bichurin, 1950: 355). The Uighur khan did not like this political act, so he formed an army and sent his commander against the Kyrgyz. The Uighur campaign did not achieve its goal, and the unsuccessful end of the raid indicated a change in political forces. Chinese sources state that the Kyrgyz khan fought against the Uighurs for twenty years.

The end of the twenty-year war, mentioned in a Chinese written source, was in 840. Thus, the last expedition of the Uighur Khanate to the Minusin Valley took place in 820. The Kyrgyz Kaganate was well prepared for this war, as it can be seen from its foreign policy activities. The Kyrgyz ruler established a dynastic marriage with the Turgesh kagan and established a marriage alliance through his son, Ajo, and the daughter of the Qarluq ruler. Taking into consideration that the two ethnic groups associated with the Kyrgyz were hostile to the Uighurs, we can see the political and diplomatic success of the Kogmen dynasty.

In addition, the Kyrgyz Kaganate's relations with Western countries. It is important to remember that the political and commercial trade partners of the Kyrgyz, i.e. Dashi, Tibet, Karluk and Turgesh, were Uighur's enemies. As the success of the Kyrgyz Kaganate increased, the Uighurs declined.

Although the period of great power lasted for a short time, it extended the political power of the Kyrgyz to the vast territory of Central Asia. It should be noted that according to the area of distribution of cultural samples, local ethnic territories have emerged. The spread of the cultural wealth of the Kyrgyz, who became a great power, to the vast territory of Central Asia, not only had a significant impact on the success of the state, but also had a negative impact on the unity and integrity of the Kyrgyz state. As a result, the Kyrgyz ethnos was divided into two separate parts, and also the political and military power of the state was divided; thus the ability to fight together with the outside world and the enemy was lost.